*УДК: 305-552.2*
*DOI: 10.35254/bhu.2021.52.12*

***Жумабай кызы Жылдыз***
*Кыргыз-Түрк "Манас" Университети*
*zhyldyz.zh57@gmail.com*

# КУРМАНЖАН ДАТКА ЖАНА СТУДЕНТ КЫЗДАРДЫН ЛИДЕРДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# КУРМАНЖАН ДАТКА И ЛИДЕРСКИЕ КАЧЕСТВА СТУДЕНТОК

# KURMANJAN DATKA AND FEMALE STUDENTS' LEADERSHIP TRAITS

***Аннотация:*** *Бул илимий изилдөө ишинин максаты – Алай ханышасы Курманжан даткадагы лидердик өзгөчөлүктөрү жана кыргыз кыздарындагы лидер аялдардын сапаттарынын изилденүүсү максатталды. Максатка жетүү үчүн "Курманжан датка" фильмине мазмундук талдоо жана 2017-жылы декабрь айында Бишкек шаарындагы Кыргыз-Түрк «Манас», И.Арабаев жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинде билим алган 186 студент кыздарга сурамжылоо жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгында студент кыздардан өзүнө ишенимдүүлүк, коммуникация жана өжөрлүк факторлору аныкталды жана КТМУнун студент кыздарынын башка жогорку окуу жайларынын студент кыздарына караганда өзүнө ишенимдүүлүктөрү төмөн болгондугу аныкталды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Лидер аялдар, лидердик сапаттар, Курманжан датка, студент кыздар, жогорку окуу жай, ишенимдүүлүк.*

***Аннотации:*** *Целью данного исследования было изучение лидерских качеств Алайской царицы Курманжан Датка и качеств женщин-лидеров среди кыргызских девушек. Для достижения этой цели проведен контент-анализ к фильму «Курманжан датка» и был проведен опрос среди 186 студенток Кыргызско-Турецкого Университета «Манас, КГУ им. И. Арабаева и БГУ им. К. Карасаева в декабре 2017 года. Исследование выявило среди студентов такие факторы как уверенность в себе, коммуникабельность и настойчивость и обнаружило, что студентки КТМУ имеют относительно низкую уверенность в себе, чем студентки других университетов.*

***Ключевые слова:*** *Женщины-лидеры, лидерские качества, Курманжан датка, студентки*

***Abstract:*** *The purpose of this paper is to research leadership features of the Queen of Alay Kurmanjan Datka and Kyrgyz young leadership skills. The research focuses of a film on "Kurmanjan Datka" and at the end of 2017 in the city of Bishkek, Kyrgyz-Turkish University of "Manas", I. Arabayev and Humanitar University of K. Karasayev 186 female students were surveyed. The result of interiew's reported the female students had self-confidence, communication and persistence factors. The results showed KTMU's female students had relatively low self-confidence compared to other universities female students.*

***Key words:*** *Woman leaders, leadership quality, Kurmanjan Datka, female students*

**1.Киришүү.** Лидердик адам баласы жашагандан бүгүнкү күнгө чейин бар болуп келе жатат. Адамдардын топ-топ болуп жашоосу, жалгыз кыла албаган иштерди чогуу аткарууда араларында бир лидердин болуусуна түрткөн. Топторду башкарган жана аларды туура жолго багыттаган лидерге табигый муктаждык келип чыккан [1].

Тынбай өзгөрүп турган чөйрөгө, глобалдашуунун натыйжасында келип чыккан күчтүү атаандаштыкка туруштук бере алуу жана ийгиликке жетүү, өзгөрүү жана жаңылануу менен ишке ашат. Өлкөдө, уюмда өзгөрүү менен жаңылануну ишке ашыруу үчүн бул өзгөчөлүктөргө ээ болгон лидерлер керек болот. Башка жактан караганда, өзгөрүү жана жаңылануу

аялдардын да социалдык жашоодо ар кандай тармактарда иштөөсүнө, өз ордун табууга, башкаруучулук позицияларда болууларына түртөт. Бирок аялдардын түрдүү тармактарда иштөөсүндө, башкаруучулук позицияларында ар кандай тоскоолдуктар пайда болуп жатат [1].

Лидердик өзгөчөлүктөргө байланышкан бир топ изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Алардын бир канчасы төмөнкүдө келтирилди:

Onay (2013) дын изилдөөсүнүн жыйынтыктары боюнча изилденген жети аялдын чечкиндүүлүк, максатка жетүүдө өжөрлүк, аткарып жаткан ишин жакшы билүү сапаттары бар болуп чыккан. Изилдөөдө Нифертити, Клеопатра, Хатшепсуп ханышасы, Жанна Дарк, Матилда Тоскана, Элеанора Рузвельт, Бутти Фридман аялдарынын лидердик сапаттары изилденген. Бул аялдарды «согушуучу амазон аялдар» деп да атап коюшкан. Бул аялдардын жашаган мезгилин эске алганда эр жүрөктүүлүктөрү, радикалдуу түрдө чечим кабыл алуулары менен аларды лидер аялдар катары эсептейбиз [2].

Эгер статистикалык булактарга кайрылганда, КРнын Улуттук Илимдер Академиясынын 38 мүчөсүнүн ичинде 3ү академик-аял жана 35и эркек. Корреспонденттер мүчөсүнүн ичинде жалпы 46 адам болсо, анын 4ү аялдар болгонун да баса белгилеп кеткен. Гендердик теңдикке жетүү маселесин коюу керек. Тилекке каршы, эгер аялдар реалдуу, мамлекет тарабынан кепилдикке алынган укук жана мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болбосо, Кыргызстан демократиялык да, укуктук да өлкө боло албайт.

Şencan ж.б., (2015) изилдөөлөрүндө Туркияда ректор болуп иштеген аялдардын лидердик өзгөчөлүктөрү изилденген. Жыйынтыгында да алардын өзгөчөлүктөрү жана лидердик типтери аныкталган. Көпчүлүгү демократик лидер деп табылган [2].

**2. Изилдөөнүн методологиясы.** Бул изилдөө иши Бишкек шаарында, декабрь айында, 2017-жылы жүргүзүлдү. Изилдөө ишинин практикалык бөлүгү 2 бөлүктөн турат. Биринчиси Курманжан Датка кинофильмине мазмундук талдоо. Экинчиси Кыргыз-Түрк «Манас», И.Арабаев атындагы КМУ жана К.Карасаев атындагы БМУда окуган кыз студенттерге сурамжылоо жүргүзүү.

- Кыргызстандын Алай жерин башкарган лидер аял Курманжан Датканын лидердик сапаттарын изилдөө максатта 2014-жылы көрсөтүүгө чыккан "Тоо ханышасы Курманжан Датка" фильминин мазмундук талдоосу жүргүзүлдү жана Курманжан Датканын лидердик сапаттары изилденди.
- Курманжан Датканын лидердик сапаттары жана негизи эле лидер аялдардын сапаттары азыркы кыздарда барбы деген суроого жооп алуу максатта Кыргыз-Түрк «Манас», И.Арабаев жана К.Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик Университеттеринин кыздарына сурамжылоо жүргүзүлдү.

**3. Изилдөөнүн гипотезалары.** $H_1$ – Курманжан даткада болгон өжөрлүк, өзүнө ишенимдүүлүк жана эл менен байланыш б.а коммуникация өзгөчөлүктөрү студент кыздарда бар;

$H_2$ – КТМУ нун студент кыздары башка окуу жайынын студент кыздарына караганда өздөрүнө болгон ишенимдүүлүктөрү жогору.

**4. "Тоо ханышасы Курманжан Датка" фильмине мазмундук талдоо.** Изилдөөнүн бул бөлүгүндө "Тоо ханышасы Курманжан Датка" фильмине мазмундук талдоо жүргүзүлдү. Кино-фильм 2014-жылы көрүүгө чыгарылган. Фильмде лидер аял Курманжан Датканын жашоосунда башынан өткөзгөн кыйынчылык, кубанычтары чагылдырылат.

Фильм 18-кылымдын аягында жана 19-кылымдын башында Алай жерин чагылдырат.

Курманжан Датканын турмуш жолдошу Алымбек Датка Жантай Баатыр менен кыргыздардын улуу жыйынын өткөзүүнү аруу максат кылышат. Бул жөнүндө Алымбек Датка мындай дейт:

*"Бул тар – бийиктиктин, биримдиктин белгиси. Азыр кыргыз кырк уруу, кырк туу, кырк тамга болуп бөлүнүп жүрөбүз. Ушул жазуулардай бириксек, тээ тиги үңгү таштын алдында бүткүл кыргыз эли биригип, улуу жыйын өткөрсөк менде арман болбос эле."*

Бирок бул максатка жетпей чыккынчынын колунан каза болот. Алымбек Датканын бүтпөгөн иштерин Курманжан Датка улантат. Турмуш жолдошу каза болгондон кийин Алай элин башкаруу аманатын Курманжан Датка алат. Курманжан Датка жоопкерчиликтен коркпостон мойнуна бул оор жумушту алды. Күйөөсү өлгөндөн кийин Кокон Хандыгы Алай жерин алганы сарбаздарын жиберет. Жоо менен беттешкени Курманжан Датканын иниси Акбалбан баатыр жол алат жана эжесине көчүп кетүүлөрүн айтып кабар жиберет. Жоого кыргыздын кээ бир уруулары каршы болот. Согушпастарын айтып, кеткени турганда Курманжан Датка келет да элди күчтөндүргөн төмөнкү сөздөрдү айтат:

*"Сабырыңар суз мырзалар. Сен, Сарымсак кетели дейсиң. Мейли, ата-баба калтырган жерди душманга калтырып тарап кетели. Анда биздин тукум улашка акыбыз барбы? Кокон аскери күчтүү, а жаныбыз кымбат. Бирок эртеңки эл азаттыгы, урпактарыбыздын бактысы андан да кымбат го. Силер тарап кете бергиле. Биз калабыз. Анткени душманды өткөзбөскө айылдан антташып чыкканбыз. Кан Манастын тукуму ушинтип артка качат беле? Тизе бүккөнчө тик туруп өлгөнүбүз арттык эмеспи? Илгерттен кыргыз качан төшөктө жатып өлчү эле? Кыргыз уулу үчүн найзанын учунда, кылычтын мизинде өлгөндөн артык эмне бар эле? Сен, Борончу артка кайтсаң, аялыңды кимге калтырасың? Сен, Санжарбек Гүлайымың кимдин этегине корголойт? Биз силер менен чогу болгонго башыбызды байлап келдик. Силер найза урсаңар, биз таш кулаталы. Жаа тартсаңар жебе сунуп жаныңарда туралы. Өлсөк чогу бир чуңкурда. Тирүү болсок бир дөбөдө силерди сүйөп туралы. Кандай дейсиңер?"*

Курманжан Датканын бул сөздөрүнөн сөз чебердигин колдонуп, элге мотивация берип мыкты күчтөндүрө алгандыгын байкоого болот. Айым сөзгө чечен жана мыкты мотиватор. Бул сапаттар ар бир лидер аялда болуусу керек. Лидер аял адамдардын максаттарына жетүүгө аракет кылуулары үчүн сөз чечендиги, кыймыл-аракети, аткарган иштери менен аларды оң таасирлөөсү керек. Курманжан Датка эр жүрөк болгон. Иниси кет деп жиберген кабарына карабай, коркпостон жоону күтүп алганы келди. Датка айым көрөгөчтүк да сапатка ээ. Элдин согушуудан баш тартып кетишин туура божомолдоп өз убагында,

өз ордунда келип элди согушууга макул кылды. Жоокерлер менен бирге күрөшүп, жыйынтыгында жоонун мизин кайтарышты.

Датка айым өз билемдик кылбастан башкалардын оюн, сунуш пикирин да уга билген. Жантай баатырдын баласы Шабдан баатыр орус аскерлери жөнүндөгү жазган катын окуп, алар менен согушпастан тынчтык келишимине кол коюшат. Бул лидерлер үчүн аябай маанилүү. Лидер да адашат, же анын оюнан да мыкты ой, идея болушу мүмкүн. Ошон үчүн лидер аял ар дайым кеңешип иш кылуусу керек. Датка айым сабаттуу болгонун баса белгилеп кетүү керек. Ал жөнүндө фильмде бир аялдын зына кылып шектенип жазаланганы турганда, Алымбек Датка окуя болуп жаткан жерге келип калат. Анын күнөөсүз экенин аныктагандан кийин Алымбек Датка аялга суу берүүлөрүн айтат. Курманжан Датка кумурадагы суусунан аялга суу бергенден кийин Алымбек Датка менен Курманжан Датка ортосунда төмөнкү кептер айтылат:

*Алымбек Датка:"Бул кумурада эмне жазылганын билесиңби?"*

*Курманжан Датка: "Билем. Чоң атам үйрөткөн."*

Датка айым жазууну, окууну эң жакшы билген. Алымбек Даткага жазган каты да буга далил. Лидер аялдардын сабаттуулугу башкача айтканда өз тармагында эң жакшы, жогорку билимге ээ болуусу керек. Бул лидердин эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири.

Соңунда жолдошуунун ишке ашпай калган улуу жыйын, бүткүл кыргыздардын курултайын өткөздү, кыргыздардын биримдиги үчүн алдыга чоң бир кадам койду. Бул максатка жетүү үчүн тайманбас өжөрлүк керек. Курманжан Датка 97 жыл жашады. Өмүрүндө чоң кыйынчылыктар, сыноолорго туш болду жана баарына сабыр кылды. Лидердин пландары кээде ишке ашпай калуусу мүмкүн, баары ал каалагандай болбосу мүмкүн. Ошон үчүн баарына сабыр кылып, максатынан кайтпай ишин улантуусу керек, башкача айтканда өжөр болуусу керек.

**5. Сурамжылоонун анализи.** Анкета Бишкек шаарында КТМУ, К.Карасаев атындагы БМУ жана И.Арабаев атындагы КМУнун 187 студент кыздарына жүргүзүлдү. Студент кыздардын лидердик өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу сурамжылоо 2017-жылдын декабрь айында аткарылды. Сурамжылоодо жалпы 23 суроо бар жана 5тик Лайкерт өлчөмү колдонулду [4].

**6. Анализ жыйынтыктары.** Таблицада көрүнүп тургандай жооп бергендердин 2,2%ы 17 жашка чейинкилер, 73,1%ы 18-20 жаш аралыгында, 20,4%ы 21-22 жашта жана 4,3%ы 23төн жогору жашта. Жаш өзгөчөлүктөрүнө карасак жооп бергендердин көпчүлүк бөлүгү (73,1%ы) 18-20 жаштагы кыздардан турат, андан кийин (20,4%ы) 21-22 жаштагылар. башкача айтканда жооп бергендердин көпчүлүк бөлүгү жаш студент кыздар. Окуган жогорку окуу жайларын алсак 60,7% КТМУда, 24,8% И.Арабаев жана 11,8% К.Карасаев атындагы жогорку окуу жайында окушат. Респонденттердин 93,5%ы бойдок, 3,3%ы үй-бүлөлүү.

Респонденттердин ата-энесинин билим деңгээли өзгөчөлүгүн карасак 34,5%ынын апасы жана 38,7%ынын атасы жогорку билимдүү, 58%ынын апасы жана 50%ынын атасы орто билимдүү экендиги аныкталды.

***Таблица 1:***

**Респонденттердин жалпы өзгөчөлүктөрү**

| **Жаш** | **Саны** | **%** | **Окуу жай** | **Саны** | **%** |
|---|---|---|---|---|---|
| 17 жашка чейинкилер | 4 | 2,2 | КТМУ | 113 | 60,7 |
| 18-20 жаштагыла | 136 | 73,1 | И.Арабаев | 46 | 24,8 |
| 21-22 жаштагылар | 38 | 20,4 | К.Карасаев | 22 | 11,8 |
| 23 жаштан жогоркулар | 8 | 4,3 | Жооп бербеген | 5 | 2,7 |
| **Жалпы** | **186** | **100,0** | **жалпы** | **186** | **100,0** |
| **Үй-бүлөлүк абалы** | **Саны** | **%** | **Апасынын билими** | **Саны** | **%** |
| Бойдок | 174 | 93,5 | Жогору | 64 | 34,4 |
| Үй бүлөлүү | 6 | 3,3 | Орто | 108 | 58,0 |
| Ажырашкан | 1 | 0,5 | башка | 2 | 1,1 |
| Жооп бербеген | 5 | 2,7 | Жооп бербеген | 12 | 6,5 |
| **Жалпы** | **186** | **100,0** | **Жалпы** | **186** | **100,0** |
| **Атасынын билими** | **Саны** | **%** | | | |
| Жогору | 72 | 38,7 | | | |
| Орто | 93 | 50,0 | | | |
| башка | 2 | 1,1 | | | |
| Жооп бербеген | 19 | 10,2 | | | |
| **Жалпы** | **186** | **100,0** | | | |

***Таблица 2:***

**Студент кыздардын лидердик өзгөчөлүктөрүн аныктаган жооптордун орточо балдары жана "3-орто деңгээлде кошулам" баалына карта бир топтуу тест жыйынтыктары:**

| Суроолор | N | Орт. | Стан.ч | Маан.д |
|---|---|---|---|---|
| Өз оюмду эркин билдире алам | 186 | 3,98 | ,867 | ,000 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Башкалардын алдында толкундоомду башкара аламын | 185 | 3,59 | ,856 | ,000 |
| Каалаган максатыма жетүү үчүн күрөшө алам | 186 | 4,21 | ,815 | ,000 |
| Башкалардын көз караштарын сыйлайм | 186 | 4,32 | ,730 | ,000 |
| Өзүмдү сындай алам | 186 | 4,04 | ,903 | ,000 |
| Ийгиликке жетпегенде дароо жеңилбейм | 186 | 4,04 | ,853 | ,000 |
| Башкалардын сын пикирин түшүнүү менен кабыл алам | 186 | 3,97 | ,818 | ,000 |
| Башкалардын мактоосуна ылайыкмын деп эсептейм | 185 | 3,36 | 1,028 | ,000 |
| Бардык проблемаларды чече алам | 185 | 3,25 | ,900 | ,000 |
| Айткан сөзүмдө турам | 186 | 4,17 | ,763 | ,000 |
| Керек болсо аягына чейин өз оюмду бербейм | 186 | 3,61 | 1,091 | ,000 |
| Жоопкерчилик алгандан коркпойм | 186 | 3,97 | ,897 | ,000 |
| Жаңы кирген чөйрөгө тез көнүгөм (адаптация) | 186 | 3,77 | 1,058 | ,000 |
| Өзүмдү өзүм жакшы түшүнөм | 186 | 3,91 | ,994 | ,000 |
| Өзүмдү жана башкаларды кандай болсо ошондой кабыл алам | 186 | 3,91 | ,968 | ,000 |
| Башкалар менен дароо тил табыша алам | 186 | 3,84 | 1,006 | ,000 |
| Дос табуу мен үчүн жеңил | 186 | 3,52 | 1,121 | ,000 |
| Бир теманы түшүнбөгөнүмдө башкалардан сураймын | 185 | 3,96 | ,914 | ,000 |
| Ар дайым позитивдүү ойлонгонго аракет кылам | 186 | 4,02 | ,909 | ,000 |
| Алдыда болуудан коркпойм | 186 | 4,06 | ,880 | ,000 |
| Социалдык иш чараларга катышуудан баш тартпайм | 186 | 3,79 | 1,141 | ,000 |
| Бир чечим кабыл алууда башкаларга көз каранды эмесмин | 186 | 3,75 | ,984 | ,000 |
| Чөйрөмдө жетиштүү деңгээлде ишеничтүү адамдарым бар | 186 | 4,10 | ,873 | ,000 |

Орточолор 3,25 жана 4,32 арасында чыкты. Бардык суроолордо маанилүүлүк даражасы 0,05тен кичине чыкты. Статистикалык маанилүү айырмачылык бар деп түшүнүүгө болот. Эң таасирдүүлөрү "Башкалардын көз караштарын сыйлайм", "Каалаган максатыма жетүү үчүн күрөшө алам" жана "Айткан сөзүмдө турам" деген суроолор табылды.

Алсыз жактар катары да "Бардык проблемаларды чече алам", "Дос табуу мен үчүн жеңил" жана "Башкалардын мактоосуна ылайыкмын деп эсептейм" жыйынтыктары чыкты.

Студент кыздардын лидердик өзгөчөлүктөрүн өлчөө үчүн фактор анализин аткардык. Фактор анализинин жыйынтыгында 3 фактор келип чыкты. Фактор группаларынын классификациясында жана баалоосунда факторлордун бири-биринин ортосундагы байланышты көрсөткөн "varimax" тандалды. Бир суроонун бир канча фактордо болуп калгандыгына байланыштуу анализден чыгарылып кайрадан анализ кайталанды. Факторлордун ишенимдүүлүк коэффициенти 0,654 жана 0,753 арасында чыкты.

Фактор анализи жыйынтыктары боюнча 3 фактор чыкты жана 1-факторду коммуникация деп атадык. Бул фактор бардык вариацияларын 18,526%ын түшүндүрөт. 2-фактордун аты өжөрлүк жана бул фактор 18,032%ын түшүндүрөт. 3-фактор өзүнө ишенимдүүлүк 15,539%ын түшүндүрөт. Төмөнкү таблицада фактор анализинин жыйынтыктары кеңири көрсөтүлдү:

***Таблица 3:***

**Фактор анализинин жыйынтыктары**

| Факторлор | | AV% | α |
|---|---|---|---|
| **1-Коммуникация** | | **18,526** | **,753** |
| Өз оюмду эркин билдире алам | ,637 | | |
| Алдыда болуудан коркпойм | ,630 | | |
| Социалдык иш-чараларга катышуудан баш тартпайм | ,605 | | |
| Башкалардын алдында толкундоомду башкара алам | ,547 | | |
| Ар дайым позитивдүү ойлонгонго аракет кылам | ,418 | | |
| **2- Өжөрлүк** | | **18,032** | **,730** |
| Өзүмдү жана башкаларды кандай болсо ошондой кабыл аламын | ,639 | | |
| Бир теманы түшүнбөгөндө башкалардан сураймын | ,606 | | |
| Башкалардын сын пикирин түшүнүү менен кабыл аламын | ,551 | | |
| Чөйрөмдө жетиштүү деңгээлде ишеничтүү адамдарым бар | ,411 | | |
| Өзүмдү сындай алам | ,400 | | |
| Каалаган максатыма жетүү үчүн күрөшө алам | ,313 | | |
| **3- Өзүнө ишенимдүүлүк** | | **15,539** | **,654** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Айткан сөзүмдө турам | ,624 | | |
| Башкалардын мактоосуна ылайыкмын деп эсептейм | ,581 | | |
| Бир чечим кабыл алууда башкаларга көз каранды эмесмин | ,550 | | |
| ***Жалпы варьянц*** | | **52,097** | |
| *Kaiser-Meyer-Olkin чакан топ жетиштүүлүк өлчөмү: ,892* KMO Bartlett Test:p= ,000 | | | |

Көз карандысыз “t” тести жана tukey тести менен респонденттердин окуган окуу жайларына жана ата-энесинин билим деңгээлине карата маанилүү айырмачылык көрсөтүп көрсөтпөгөнү текшерилди.

***Таблица 4:***

**Респонденттердин окуган окуу жайына жана ата-энесинин билимине карата факторлордун өзгөчөлүк көрсөтүүсү**

| | Фактор 1 | Фактор 2 | Фактор 3 |
|---|---|---|---|
| Окуу жайына | | | ,142 |
| Ата-энесинин билими | | ,159 | |

Орточолор арасындагы айырма $p \leq 0{,}05$ болгондо маанилүү

Тест жыйынтыктары боюнча 3-фактор *“Өзүнө ишенимдүүлүк”* фактору респонденттердин окуган окуу жайына карата маанилүү айырмачылык бар экендиги аныкталды. Башкача айтканда, КТМУнун кыз студенттеринин өзүнө болгон ишенимдүүлүгү башка университеттердин кыз студенттерине караганда төмөнүрөөк экендиги аныкталды. 2-фактор *“Өжөрлүк”* фактору респонденттердин ата-энелеринин билим деңгээлине карата маанилүү айырмачылык бар деп табылды. Башкача айтканда, студент кыздардын ата-энесинин билими жогору болгондордун өжөрлүк өзгөчөлүгү билим деңгээли орто болгондорго караганда дагы да күчтүү болгондугу аныкталды.

Жыйынтык айтсак $H_1$ гипотезасы кабыл кылынды, анткени Курманжан Даткада болгон өжөрлүк, өзүнө ишенимдүүлүк жана эл менен байланышуу өзгөчөлүктөрү студент кыздырда анализдин жыйынтыгында бар болгондугу аныкталды. Ал эми 2-гипотезаны айтсак анализдин жыйынтыктары боюнча КТМУнун студент кыздарынын өздөрүнө болгон ишенимдүүлүктөрү башка жогорку окуу жайынын студент кыздарына караганда төмөнүрөөк болгону аныкталды жана $H_2$ гипотезасы кабыл алынбады.

**7. Корутунду жана сунуш.** Аялдарды колдоо жана коргоо мурдатан, жетиштүү деңгээлде эски бир проблемалардын бири. Ар өлкөдө ар улутта аялдардын карьералык тепкичи менен көтөрүлүүсүндө, жеке жашоосу, жынысына карата бөлүү проблемаларын ар кандай чечип келип келишкен. Ошентсе да бул проблема түп тамыры менен жок болуп кеткен жок.

Учурда Кыргызстанда аялдардын укуктарын коргоо жана колдоо иштерин аткарып келген бир топ өкмөттүк эмес уюмдар бар. Алар аялдарга компьютердик билимдерди, бизнес-пландоону, сөз чебердиктерин жана өз укуктарын билүүлөрүн үйрөтүп жатышат. Бул бейөкмөттүк уюмдардын көбүнчө Америка, Кытай жана европа өлкөлөрүнүн колдоосу менен ишке ашып жатат. Эгер өзүбүздүн өлкөбүз да буга колдоо көрсөтсө, элибиздин менталитетине туура келген жол менен аялдарга жол көрсөтсө жакшы болмок. Бул изилдөө иши жана буга окшогон иштер аялдардагы лидердик сапаттардын кайсынысы менен иштөө керектигин, өнүктүрүү керектигин айтып бермек.

Изилдөө ишинде чакан топ түзүүдө жеңил жол колдонулду. Мындан кийинки изилдөөлөрдө сунуш катары бул маселеге маани беришсе жакшы болот. Бул изилдөөдө Курманжан Датканын каралган лидердик өзгөчөлүктөрүнөн башка дагы көп өзгөчөлүктөрү бар. Мындан кийинки изилдөөлөрдө Датка айымдын бардык лидердик өзгөчөлүктөрүн изилдешсе дагы да жакшы болмок.

Бул изилдөө ишинин жыйынтыгында КТМУнун кыз студенттеринин өздөрүнө болгон ишенимдүүлүктөрү башка университеттердин кыз студенттерине караганда төмөн болуп чыкты. КТМУнун ар кандай клубдары бар. Алар ар кандай тармакта иш алып барышат. Аларга кыздардын өздөрүнө ишенимдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө карата кандайдыр бир тапшырмаларды берүү менен бул проблеманы кандайдыр бир деңгээлде чечүүгө болот.

***Адабияттар***

*1. ONAY M, (2013), “Antik Çağdan Bugüne Tarihin Başarılı Kadın liderleri”, Sosyal ve Beşeri Bilimler Dergisi, 213-225 бет*

*2. SENCAN M., İBİCİOĞLU H., KARABEKİR M, (2015), “Kadın Yöneticilerinin Liderlik Özelliklerinin İncelenmesi: Türkiye’deki Kadın Rektörler üzerine Bir İçerik Analizi”, Süleyman Demirel Üniversitesi İktisadi ve İdari Bilimler Fakültesi Dergisi, 241-259 бет*

*3. Özcan, G.B. (2004), “Djamila’s journey from Kolkhoz to Bazaar: Female Entrepreneurs in Kyrgyzstan”, Female Entrepreneurship in Transition. ed. F. Welter, Aldershot: Ashgate, 2006. pp. 93-115.*

*4. ESENTAŞ M., IŞIKGÖZ E., DOĞAN P., ŞAHİN M, (2017), “Gençlik Kampı Kadın Lıder Adaylarının Özgüven Düzeyleri”, Kastamonu Eğitim Dergisi, 315-328 бет*

***Рецензент: ф. и. к., проф. С. Нажимудинова***